**АКЦИЯНЫН ШАРТТАРЫ**
**«Компаньон Банкынын картасын ачып, Яндекс Плюс кызматына 60 күндүк жазылуу ал»**
(мындан ары «Эрежелер»)

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. «Компаньон Банкынын картасын ачып, 60 күндүк Яндекс Плюс жазылуусун ал» акциясынын (мындан ары – «Акция») уюштуруучусу – Компаньон Банкы ЖАКы (мындан ары – «Банк») болуп саналат.

1.2. Акциянын жарактуулук мөөнөтү: 2024-жылдын 1-апрелинен баштап 2024-жылдын 30-июнуна (кошулуп) чейин. Банк Акцияны өткөрүү мөөнөтүн өзгөртүү (токтотууга же узартууга) укугуна ээ. Шарттар өзгөргөн учурда Банк кардарларга ал тууралуу Банктын расмий сайтында (https://www.kompanion.kg/) билдирүүгө милдеттүү.

1.3. Акция сатып алууга стимул берүүчү лотерея болуп саналбайт. Акциянын жеңүүчүлөрүн аныктоодо кокустук принциби (жеңүүчүнү кокустук иретинде тандоо алгоритмин колдонуу) иштетилбейт.

1.4. Акцияга бардык жеке жактар – 16 жашка жеткен Кыргыз Республикасынын жарандары жана резидент эместер катыша алышат.

## 2. ЖАЛПЫ ТЕРМИНОЛОГИЯ

2.1. **Яндекс Плюс жазылуусу/Жазылуу** – бул колдонуучуга Мазмунга чектелген убакыт аралыгында акы төлөп алыстан кирүү мүмкүнчүлүгүн берет; анын сүрөттөлүшү төмөнкү баракчада берилген: https://yandex.ru/legal/yandex_plus_privilege_list. Анын шарттары төмөнкү даректеги документте келтирилген: https://yandex.ru/legal/yandex_plus_conditions.

2.3 **Промокод** – уникалдуу тамга/сан/алардын комбинациясынан турган код болуп саналат; аны колдонуу, ушул Эрежелерге ылайык, акысыз Жазылуу мөөнөтүн алууга мүмкүндүк берет.

2.4. **Жазылуу мөөнөтү** – Жазылуу жарактуу болуучу убакыт аралыгы.

## 3. АКЦИЯНЫН ШАРТТАРЫ

3.1. Акцияга катышуу үчүн, катышуучу «Компаньон» мобилдик тиркемесинде Компаньон Банкынын ыкчам VISA картасын ачышы керек. Картаны ачууда катышуучуга Промокод берилет.

3.2. Промокодду иштетүү үчүн, Яндекс Плюс промо-баракчасына өтүп, Промокодду иштетүү баскычын басыңыз. Андан кийин Яндексте аккаунт ачып, промо-кодду киргизип, «Иштетүү» баскычын басыңыз.

3.3. «Яндекс Плюс» кызматына кошулуу жана Яндекс кызматтарын колдонуу Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында жеткиликтүү.

3.4. «Яндекс Плюс» кызматын кошуу акысыз жүргүзүлөт.

3.5. Акысыз жазылууну иштетүү ар бир абонент үчүн бир гана жолу жеткиликтүү.

3.6. Кызматты кошуу менен абонент өзүнүн жеке маалыматтарын чогултуу, иштетүү, сактоо үчүн берүүгө макул болот.

3.7. Акысыз жазылуунун мөөнөтү аяктагандан кийин, автоматтык түрдө акы төлөнүүчү жазылуу кошулат (30 күнгө 199 сом).

3.8. Эгерде тиркемеге байланыштырылган картадан акы төлөнүүчү жазылуу үчүн абоненттик төлөмдү алууга аракет жасалган учурда анын балансы 199 сомдон төмөн болсо, анда «Яндекс Плюс» кызматы автоматтык түрдө баланста 199 сомдон ашык сумма пайда болгонго чейин күтүү абалына өтүп, бардык «Яндекс Плюс» кызматтары жеткиликсиз болуп калат. «Яндекс Плюс» кызматы 30 календардык күн бою күтүү абалында болгон учурда, 31-күнү ал автоматтык түрдө өчүрүлөт.

3.9. «Яндекс Плюс» кызматы төмөнкүдөй учурларда өчүрүлөт:

- акция боюнча акысыз жазылуу өчүрүлгөн учурда, «Яндекс Плюс» кызматын көрсөтүү үчүн бардык шарттар өчүрүлөт жана акысыз жазылуунун пайдаланылбаган күндөрү күйүп кетет;
- акы төлөнүүчү жазылуу өчүрүлгөн учурда, автоматтык түрдө жаңыртуу жана абоненттик төлөмдү эсептен чечип алуу токтотулат, бирок «Яндекс Плюс» кызматын көрсөтүүнүн бардык шарттары акысы төлөнүп, өчүрүлгөн жазылуунун мөөнөтү аяктаганга чейин жеткиликтүү бойдон калат.

3.10. Акысыз жазылуу иштетилген учурда, акы төлөнүүчү жазылууга туташуу мүмкүн эмес. Акы төлөнүүчү жазылуу иштетилген учурда, акысыз жазылууга туташуу мүмкүн эмес.

3.11. Бардык баалар КНС жана Сатуу салыгы менен кошо көрсөтүлгөн.